УДК: 316.722:37
Төлөшов Э.
*С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети*

# УЛУТТУК МАДАНИЯТ ЖАНА ПЕДАГОГИКА ЭСТЕТИКАЛЫК ТААЛИМ - ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БУЛАГЫ КАТАРЫНДА

Кыргыз эли байыртадан бери көптөгөн мамлекеттер менен карым-катнашта болуп, алар менен саясий, экономикалык, үрп-адат, маданият жана башка багыттар боюнча алака түзүп келген. Бул процесс кыргыз элинин өзүнүн элдик маданиятына түркүн жаңылыктарды алып келип, өркүндөп өсүшүнө шарт түзгөн. Албетте, бул алакалар өз пайдасын тийгизбей койгон жок. Азыркы кездеги кыргыз элинин маданияты канчалык өзгөрүүгө дуушар болгону менен, өзүнүн эзелтеден келген булагынан ажыраган жок. Мен ушул ишим аркылуу кыргыз элинин үрп-адатын, салт-санаасын азын-оолак баяндап, айырмачылыктарын, ошондой эле өзгөчөлүктөрүн жана өзгөрүп кеткен жактарынан үзүндүлөрдү көргөзүүгө аракет кылдым.

Маданият бул чексиз, эң кеңири өнүгүп, өзгөрүүчү процесс болгондуктан, аны өтө ар тараптан кароодон алыс экендигин да билгизгим келет. Ал эми ар кыл илимий булактардан жана адабияттардан пайдаланып, колдон келишинче өзүм билгендерден жана жашап калган кишилерден сурап жазган ушул ишим аркылуу кыргыз калкынын түпкүлүктүү маданияты менен башка элдердин маданиятын салыштырууга жана баамдап, окшош жактарына жана айырмаларына көз жүгүртүүгө аздыр-көптүр аракет кылдым.

Анда эмесе, назарыңыздарды кыргыз элинин негизги салт-санаасына жана эстетикалык таалим-тарбиянын булагы болгон маданиятына арналган чакан эмгегиме бурмакчымын. Ушул эмгегим, биринчиден, студенттерге жана жалпы эле жаштарга өз пайдасын тийгизет деп ойлоймун.

Эстетикалык таалим-тарбиянын түпкү көрөъгөсү, булагы болуп эсептелген улуттук тарбиянын уңгусун төмөндөгү аспектилерде карайлы.

Азыркы убакта жалпы орто билим берүүчү мектептерде, таалим-тарбия иштеринин мазмунун дүйнөлүк илим-билимдин, техника жана технологиянын, дүйнөлүк маданияттын жетишкендиктери, жалпы адамзатка тиешелүү асыл нарктары менен катар кыргыз жана түрк элинин кылымдар бою чогултуп, сактап келген каада-салттары, үрп-адаттары, улуттук оюн-зоок өнөрлөрү, ата-бабанын даанышмандыктары, керээздери, мурастары менен байытуу, аны жаңылантуу аркылуу кайра куруу иши педагогика илиминин эң актуалдуу маселеси болуп калды.

Мамлекетибиздин бардык мектептери улуттук таалим-тарбия багытында алгылыктуу иштерди баштоодо мугалимдер арасында темага арналган илимий-практикалык конференциялар, педокуулар, семиналарлар, кароо-мелдештер, декада-жумалыктар өткөрүлүп тургандыгына карабастан, көп жерлерде ар кандай түшүнбөстүктөр пайда болууда. Мисалга, кээ бир мектептерде улуттук педагогика элдик каада-салттар менен эле чектелип калып жатса, кээ бирлеринде бул багыт кыргыз тили, же тарых мугалимдерине, же класс жетекчилерге гана тиешелүү нерсе деп түшүнүп жатышат. Ошондуктан бул илимий иштеги сунуш аркылуу улуттук педагогика менен маданияттын негизине жана мазмунуна толук, тагыраак анализ берүүгө аракет кылабыз.

Улуттук педагогиканын мазмунуна, биринчиден, улуттун эне тили, адабияты жана маданияты таандык. Кылымдар бою кыргыз эли өзүнүн тарыхын, маданиятын, каада-салтын, үрп-адаттарын адабияты аркылуу берип келген. Дүйнөдө теңдеши жок «Манас» эпосу улуттук педагогиканын түгөнбөс кенчи болмокчу. Мектептин кыргыз тили, адабияты мугалимдери окуу программасына кыргыздын оозеки чыгармаларынан эпос, дастандарды, элдик ырларды, санжыра-санаттарды, макал-лакаптарды, накыл сөздөрдү, уламыш, табышмак, акыйнек, айтыштарды, жомокторду киргизүү аркылуу аларды каада-салт, үрп-адаттар менен байланыштырып, сабак учурунда кеңири колдонуусу керек. Бул учурда оозеки чыгармаларга жөндөмдүү окуучуларды өнөргө үйрөтүшкөн. Өнөр аткаруу учурунда аларга ыңгайлашуу менен, анын аң-сезиминин тарбиячысы, акыл оюн

жаратуучусу экенин карапайым эл эчак эле түшүнгөн. Балдардын ой чабыттарын андан ары өркүндөтүү максатында ата-энелер табышмак, жаңылтмач, апыртма, уламыш өңдүү элдик оозеки чыгармачылыкты пайдаланышкан. Айрым табышмактардын жандырмагын изденип табуу үчүн акыл чөйрөсүндө машакаттануу бир нече күнгө, айларга созулган. Натыйжада, баланын логикалык ой-жүгүртүүсүндөгү ийкемдүүлүк, сыйымдуулук калыптанып, ой чабыттарынын чөйрөсү кеңейген. Чыгаан ойчул, залкар акындар элдик мектептин салты боюнча сабак салган инсандар болушкан.

Азыркы мектептерде элдик мектептин салтын сактап, өнөрүн колдосок, таалим-тарбия берүү ишин өтө ийгиликтүү жана жетиштүү уюштурган болмокпуз. Кыргыз улуту башка улуттар менен тынчтыкта, бейпилдикте, бири-бирин сыйлоочулукта жашоону, мамиле кылууну жогору койгон. Ошону менен бирге ал улуттардын үрп-адаттарын, каада-салттарын, маданияттарын да кошо изилдеп кызыгышкан. Азыркы мектептерде ата-бабанын өнөрүн улантып, башка улутттардын тилин, маданиятын, каада-салт, үрп-адаттарын окуп үйрөнүү негизги милдеттерден болуп калды.

Улуттук педагогиканын негизинде окутуу-тарбиялоо иштерин курулай сөз менен аткаруудан эч нерсе чыкпайт, улуттук таалим-тарбияны активдүү иш-аракеттер аркылуу гана жандандырууга болот. Мектептеги класстан жана мектептен тышкаркы таалим-тарбия берүү иштерин уюштурууда төмөнкү багыттарды колдонуу менен иш жүргүзүү максатка ылайык:

**1-багыт: «Каада-салт».** Кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, элдик мурастарын окуп үйрөнүү жана фольклордук-этнографиялык материалды чогултуу жана аны эстетикалык таалим-тарбия берүүдө колдонуу.

**2-багыт: «Санжыра».** Кыргыз элинин калыптануу, өнүгүү тарыхын, уруу жана урук жөнүндөгү түшүнүктөрдү санжыралардагы маданий, экономикалык, тарыхый-этнографиялык маалыматтарды окуп үйрөнүү, чогултуу, изилдөө жана аны эстетикалык таалим-тарбия берүүдө колдонуу.

**3-багыт: «Мурас».** Улуттун оозеки адабиятындагы таалим-тарбия жөнүндөгү асыл ой-мурастарды, тарыхый окуяларды, манас айтуучуларды, элдеги белгилүү дастанчы, жомокчуларды изилдөө, өнүгүү жана аларды тарбиялык иштерди уюштурууда жана текшерүүдө колдонуу жана башкалар.

**4–багыт: «Тарых жана инсан».** Кыргыз элиндеги олуя–ойчул, көрөгөч, акылман акелердин, хандардын, баатырлардын өмүрлөрүн, тарыхый окуяларын, мурастарын, тарыхый маалыматтарды чогултуу, окутуу жана эстетикалык таалим–тарбия берүүдө колдонуу.

**5-багыт: «Ыйман».** Улуттук педагогиканын негизинде элдин көп жылдык мурастарындагы аруулук, тазалык, кайраттуулук, айкөлдүк, боорукердик өңдүү асыл нарктарга тарбиялоо менен окуучулардын руханий дүйнөсүн байытуу.

**6–багыт: «Тууган жер».** Киндик кан тамган жердин тарыхын, жер аттарын, ага байланыштуу изилдөөлөрдү чогултуу менен элди-жерди сүйүүгө, аздектөөгө, аны коргоого багыт берүү.

**7–багыт: «Төрт түлүк».** Улутубуздун эзелтеден бери келе жаткан кесибинин бири малчылык, малдын түрлөрү, аны багуу, күтүү, малга байланыштуу нарк-насилдерди, окуяларды, уламыштарды изилдөө чогултуу жана эмгекке тарбиялоо.

**8-багыт: «Чебер».** Элибиздин кол өнөрчүлүк чеберчилигин (зергерчилик, усталык, узчулук), саяпкерчилик, мүнүшкөрлүгүн окуп үйрөтүү, улуттук чеберчилик буюмдар менен таанышуу, аларды жасоо жана чогултуу, мурас катары жаш муундарга үйрөтүү жана эстетикалык коздугун окуучуларга түшүндүрүүнүн негизинде аларда эстетикалык табитти, баалоону, мамилени калыптандыруу [1].

**9-багыт: «Добуш».** Элибиздин улуттук-этнографиялык, музыкалык аспаптарын, алардын турмуш–салттардагы ордун, жаралуу тарыхын изилдөөнү билүү менен кыргыз элиндеги залкар күүлөр, обондор, бийлер, аларды аткарган чеберлер менен тааныштыруу, аларды окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүдө колдонуу [2].

**10–багыт: «Дасторкон».** Калкыбыздын түрлүү тамак-аштары, суусундуктары,

аларды даярдоо, берүү өзгөчөлүктөрү, тамак-ашка байланыштуу жомок-уламыштарды изилдөө, күндөлүк турмушка колдонууга үйрөтүү.

**11-багыт: «Ардагер».** Ата-Мекенди, эллин-жерин коргоодо баатырдык көрсөткөн инсандарды, репрессия курмандыктарын, ага байланыштуу окуя-уламыштарды изилдөө, чогултуу.

**12-багыт: «Мээрим».** Турмуш шарты начар, кары-картаң, оорулууларга, үй-бүлөлүк шарты оор балдарга кайрымдуулук иш-чараларды жүргүзүү.

**13-багыт: «Кыз-жигит».** Кыргыздын улуттук оюндары, алардын маданий турмуштагы орду менен таанышуу жана өздөштүрүү.

**14-багыт: «Ынтымак».** Кыргыз улуту менен чектеш улуттардын тарыхын, маданиятын үрп-адатын, каада-салттарын изилдөө, достук байланыштарды түзүү, кызматташтык, кайрымдуулук иштерин уюштуруу ж.б.

Мисалга алсак саяпкерчилик, мүнүшкөрчүлүк, сынчылык өнөр каныккан көздү гана талап кылбастан, биология, география билимин жакшы билүүнү талап кылат. Даанышман карылар жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө байкоо жүргүзүү менен келээрки мезгилде аба ырайы кандай өзгөрө тургандыгын, кыштын суук же жылуу болорун, түшүмдүн мол же аз болорун алдын-ала айтышкан. Жан-жаныбарларда кандай өзгөрүүлөр болуп жаткандыгын, же болбосо боло тургандыгын түшүндүрүшкөн, жылдыздарга байкоо жүргүзүү менен дыйканчылык же көчүп конуу жумуштарын аткарышкан. Ал эми кыргыздын боз үйү бул турушу менен геометрия жана математика эмеспи.

Мектепте жогорудагы предметтер боюнча сабакты илим-билим материалдары менен байытуу аркылуу улуттук педагогикага кайрылса, жакшы эле натыйжа берет деген ойдобуз. Улуттук педагогика мазмуну менен катар дидактикалык өзгөчөлүккө дагы ээ. Таалим-тарбия берүүчү адам тарбиялануучунун жаш өзгөчөлүгүнө, анын кабылдоосуна жана жынысына жараша тарбия, билим берүү ыкмаларын, методдорун колдонгон. Колдонулган тарбиялоо методдору өзүнүн ийкемдүүлүгү, педагогикалуулугу менен турмуш-тиричиликтеги кеңири колдонуп жүргөн тарбиялоо ыкмаларынан айырмаланып турган. Ал методдорго: түшүндүрүү, ишендирүү, жеке үлгү көрсөтүү, тилек айтуу, бата берүү, кыйытып айтуу, колдоо, жаратпоо, айыптоо, нааразы болуу жана башкаларды киргизүүгө болот.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б., Жакеева Р.Ж., Биймурсаева Б.М. Математика курсунда окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн проблемасы жана айрым методикалык сунуштар. –Нарын, 2004. –56 б.
2. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогическое воззрение народов Средней Азии и Казахстана. -Москва.: Педагогика, 1991.